кырг.
83.8
Ч-75

# ЧОҢ АТАМДЫН БАКЧАСЫ

81 с



# ЧОҢ АТАМДЫН БАКЧАСЫ



кырг.
83.8
Ч-75


и

… им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК




## Ал-ма

Ал-ма быш-ты.




## Ал-му-рут

Ал-му-рут тат-туу.



# Ал-ча

Ал-ча кыч-кыл.



# А-нар

А-нар-дын гү-лү кооз.



# Аш-ка-бак

Чоң аш-ка-бак.



# Аш-көк

Аш-көк жа-шыл бо-лот.




# Ба-ды-раң

Ба-ды-раң сүй-рү жа-на жа-шыл.




# Бак-ла-жан

Сы-я көк бак-ла-жан.



# Ба-нан

Ба-нан-дын ө-ңү са-ры.




# Бар-сыл-дак

Бак-ча-да бар-сыл-дак ө-сөт.




# Бий ал-ма

Биз-де бий ал-ма бар.



# Бө-рү ка-ра-гат

Бө-рү ка-ра-гат тоо-до ө-сөт.



# Бүл-дүр-көн

Бүл-дүр-көн те-рип кел-дик.



# Дан куу-рай

Дан куу-рай аб-дан көп тү-шүм бер-ди.



# Дар-быз

Дар-быз-дын и-чи кы-зыл.




# Жаң-гак

Жаң-гак да-рак-та ө-сөт.




# Жү-гө-рү

Жү-гө-рү сары, ча-чы-сы да-ры.



# Жү-зүм

Жү-зүм аб-дан тат-туу.



# Ит му-рун

Ит му-рун-дун мө-мө-сү кы-зыл.




# Ка-лем-пир

Ка-лем-пир-ди та-мак-ка ко-шот.




# Ка-пус-та

Ка-пус-та-нын  ка-ба-ты көп.




# Ка-ра-гат

Ка-ра-гат жа-гым-дуу жыт-та-нат.




# Ка-ра ө-рүк

Ка-ра ө-рүк-төн как жа-са-лат.



# Кар-төш-кө

Кар-төш-кө-нү ка-зып ал-дык.




# Кул-пу-най

Кул-пу-най эр-те бы-шат.



# Коон

Коон ы-сык жер-де ө-сөт.



# Кур-ма


Кур-ма-ны тер-дик.



# Күн ка-ра-ма


Күн ка-ра-ма-дан май а-лы-нат.

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 35512




# Кы-зыл-ча

Кы-зыл-ча-дан са-лат жа-са-лат.



# Кы-зыл-гат

Кы-зыл-гат мон-чок-ко ок-шош.



# Ли-мон

А-пам үй-дө ли-мон өс-тү-рөт.



# Ман-да-рин

Ман-да-рин ы-сык жер-де ө-сөт.




# Маш буур-чак

Маш буур-чак-тын да-ны то-го-лок.



# Ө-рүк

Ө-рүк эр-те гүл-дөйт.




# По-ми-дор

По-ми-дор-дун тү-рү көп.



# Пи-яз

Пи-яз көп та-мак-ка ко-шу-лат.




# Са-биз

Са-биз-ди же-ген пай-да-луу.



# Са-рым-сак

Са-рым-сак-тын кес-кин жы-ты бар.



# Түрп

Түрп-түн ө-ңү жа-шыл.



# Чам-гыр

Чам-гыр жө-нүн-дө жо-мок о-ку-дук.



# Чы-чыр-ка-нак

Чы-чыр-ка-нак мө-мө бай-ла-ды.



# Шаб-да-лы

Шаб-да-лы ши-ре-лүү.



# Шал-гам

Шал-гам-дын и-чи ак түс-тө.

# Чоң атамдын бакчасы

Сөзү: Миргүл Наралиеваныкы
Музыкасы: Мурзали Жээнбаевдики

***Кайырма:***

*Жер жемиши гүлдөгөн,*
*Чоң атамдын багы бар.*
*Жашылчаны жайнаткан*
*Бакчасында баары бар.*

Анар, жүзүм, алчалар,
Күн карама, алмурут,
Чычырканак, шабдалы,
Дарбыз, коон, кара өрүк.

Чамгыр, алма, картөшкө,
Түрп, ашкабак, капуста,
Сабиз, өрүк, бий алма,
Пияз, курма, кызылча.

***Кайырма:***

*Жер жемиши гүлдөгөн,*
*Чоң атамдын багы бар.*
*Жашылчаны жайнаткан*
*Бакчасында баары бар.*

Помидорлор, бадыраң,
Булдуркөн, маш буурчак.
Шалгам, бөрү карагат,
Ашкөк, жаңгак, сарымсак.

Карагаттар, кулпунай,
Дан куурай же кожогат.
Калемпирлер, баклажан,
Ит мурундар, барсылдак.

***Кайырма:***

*Жер жемиши гүлдөгөн,*
*Чоң атамдын багы бар.*
*Жашылчаны жайнаткан*
*Бакчасында баары бар.*

Лимон, банан, мандарин,
Витаминге бай делет.
Башка балдар жесин – деп,
Тропикадан ал келет.


***Кайырма:***

*Жашылча жер жемиштен*
*Апам жасайт тамагын.*
*Чоң атама ырахмат,*
*Гүлдөткөн бүт бакчасын.*

81

# Чоң атамдын бакчасы

Сөзү: Миргүл Наралиеванікы
Музыкасы: Мурзали Жээнбаевдики




Ырды угуу үчүн смартфонду же планшетти QR кодго такагыла.

РБДЮ
35512 б/ф

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен ишке ашырылды. Китептин мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

| | |
|---|---|
| 1-класс | • **1.1 деңгээли** |
| | • 1.2 деңгээли |
| | • 1.3 деңгээли |
| 2-класс | • 2.1 деңгээли |
| | • 2.2 деңгээли |
| 3-класс | • 3.1 деңгээли |
| | • 3.2 деңгээли |
| 4-класс | • 4.1 деңгээли |
| | • 4.2 деңгээли |